УДК 339.543.6

# БАЖЫ БИРИМДИГИНИН КЫРГЫЗСТАНГА КҮТҮЛГӨН ТААСИРИ

**Асылбек уулу Сапарали**, студент Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Экономика жана башкаруу факультети <Saparbek_alimov@mail.ru>

# EXPECTED EFFECTS OF CUSTOMS UNION TO KYRGYZSTAN

**Asylbek uulu Saparali**, the student of Kyrgyz-Turkish University «Manas», Faculty Economics and Management <Saparbek_alimov@mail.ru>

# ОЖИДАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА ОТ УЧАСТИЯ В ТАМОЖЕННОМ СОЮЗЕ

**Асылбек уулу Сапарали**, студент Кыргызско-Турецкого университета «Манас», Факультет экономики и управления <Saparbek_alimov@mail.ru>

**Abstract**

This article analyzes one of the main issues of economy of Kyrgyzstan, the positive and negative effects of joining to the Customs Union.

**Key words**: Customs Union, import, export, GDP, migration, textiles.

**Аннотация**

В данной статье анализируется одна из основных проблем экономики Кыргызстана – положительные и отрицательные последствия вступления в Таможенный союз.

**Ключевые слова**: Таможенный союз, импорт, экспорт, ВВП, миграция, текстиль.

**Бажы Биримдиги**

Алгач сөз Бажы биримдигинин эмне экендиги жөнүндө кыскача маалымат.

Мүчө болгон өлкөлөр: Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Россия.

Жалпы аянты: 20039148 $км^2$.

Калкынын саны: 173 млн.

ИДП: 3 трлн доллар.

Адам башына ИДП: 16147 доллар.

Казакстан, Россия 2010-жылдын 1-июлдан, Беларусь 2010-жылдын 6-июлунан, Армения 2014-жылдын 10-октябрдан, Кыргызстан 2015-жылдын 1-майынан тарта Бажы Биримдигине мүчө болуп келүүдө. Евразиялык экономикалык комиссия 170 экономикалык функцияны контролдойт. Башка өлкөлөргө товарды экспорттоодо КНС 0 (ноль) барабар. Импорттоо учурунда салык РФнын Салык кодексинде көрсөтүлгөн ставка менен алынат. Түшкөн жалпы салыктын 85.33% Россия, Казакстан 7.11%, Беларусь 4.55%, Армения 1.11%, Кыргызстан 1.9% ээ болот.

**Биримдиктеги өлкөлөр жөнүндө**

**1. Россия Федерациясы**

Экономикасы дүйнөдө 6 орунду ээлейт.

ИДП 2.097 трлн доллар, адам башына 14818 доллар, 44-орунду ээлейт.

Дүйнөлүк экономиканын 3.4% түзөт.

ИДПнын: Айыл-чарба 4.5%
Өнөр-жай 36.9%
Кызмат көрсөтүү 58.6% түзөт.

Элдин: Айыл-чарбада 10%
Өнөр-жайда 31.9%
Кызмат көрсөтүү 58.1% эмгектенет.

Өлкөдө негизинен тоо-кен тармагында, нефть, табигый газ, химиялык каражаттар, түстүү металл, машинанын бардык түрүн (женил машинадан космостук кемеге чейин), курал жарактын бардык түрүн, текстиль, тамак-аш каражаттарын өндүрүүнү ишке ашырып келүүдө.

Экспорт: 524 млрд доллар. Нефть, жаратылыш газы, металл, отун, химиялык каражаттар жана курал-жарак (7 млрд доллар, дүйнөдө колдонулгандын 23% өндүрөт).

Импорт: 344.3 млрд доллар. Транспорт каражаттар, фармацевтикалык продукциялар, пластмасса, темир, болот, жез.

Карызы 918 млрд доллар.

**2. Казакстан**

ИДП 264.894 млрд доллар дүйнөдө 49-орунду ээлейт.

ИДПнын болүнүшү: Айыл-чарба 5.2%
Өнөр-жай 37.9%
Кызмат көрсөтүү 56.95%

Өлкөдө негизинен нефть, табигый газ, химиялык каражаттар, түстүү металл, марганец, дан, текстиль, тамак-аш каражаттары өндүрүнүүдө.

Экспорт: 82.5 млрд доллар. Экспорттун 35% нефть, 9% дан (25 млн тонна өндүрүлүп, 9 млн тонна экспорттолот).

Импорт: 48.9 млрд доллар. Техника, түстүү металл, жер-жемиштер.

ББне киргенден бери экспорт 19% жогорулаган.

**3. Беларусь Республикасы**

ИДП 166.786 млрд доллар, 62-орунда.

ИДПнын бөлүнүшү: Айыл-чарба 9.5%
Өнөр-жай 46.2%
Кызмат көрсөтүү 44.4%

Экспорт: 41.41 млрд доллар. Калий, азот, түстүү металл, трактор, шина, эт, кумшекер. Россиянын үлүшү 35%.

Импорт: 45.13 млрд доллар. Химикялык каражаттар, нефть, жаратылыш газы, тетиктер.

**4. Армения**

ИДП 20.61 млрд доллар. Адам башына 6300 доллардан туура келет.

ИДПнын: Айыл-чарба 20.6%
Өнөр-жай 37.3%
Кызмат көрсөтүү 42.1% түзөт.

Элдин: Айыл-чарбада 44.2%
Өнөр-жайда 16.8%
Кызмат көрсөтүүдө 39% эмгектенет.

Экспорт: 1.653 млрд доллар. Чугун, жез, алмаз, тамак-аш каражаттары, электр энергиясы. Энергиянын 46-48% Мацемарский АЭСте өндүрүлөт (Россия 19.6%).

Импорт: 3.459 млрд доллар күйүүчү май, табигый газ, тамак-аш каражаттары (Россия 20%).

**5. Кыргызстан**

ИДП 5.824 млрд доллар. Адам башына 2400 доллар.

ИДПнын: Айыл-чарба 20.1%
Өнөр-жай 28.8%
Кызмат көрсөтүү 51.1% түзөт.

2014-жылдагы жыйынтык боюнча тышкы товар айлануу 4.4 млрд долларды түзүп, 3.9% азайгандыгы байкалган.

Экспорт 946.8 млрд долларды түзүп 5.1% жогорулаган. Мөмө-жемиштер 1.9 эсе, булгаары 31.7%, жашылча 20.8%, кийим-кече 4.6%, алтын 2.7% көбөйгөн.

Импорт: 3.446 млрд доллар; 6.2% азайган. Жаратылыш газы 24.8%, бут кийим 33.6%, кийим-кече 18.1%, көмүр 10.5% азайган. Соода балансынын сальдосу 2.5 млрд доллар терс натыйжа бергендиги байкалууда. Импорт экспорттон 3.64 эсе көп.

КР өкмөтү 2011-жылы 11-апрелде ББне мүчө болуу тууралуу кеп козгогон. 2013-жылы 29-майда Евразиялык экономикалык комиссияга официалдуу кайрылуу жасаган жана комиссия тарабынан Кыргызстандын талапкерлиги жактырылган. 2014-жылдын октябрь айында 182 пунктан турган жол картасы кабыл алынган. 2015-жылдын 1-майынан тарта Кыргызстан ББне мүчө болот. Кыргызстанда жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында элдин 67% өлкөбүздүн Бажы Биримдигине кирүүсүн колдоорун, 25% каршы экендигин, 8% азырынча жооп айта албоосун билдирген.

ББ менен болгон негизги байланыштарыбызды тактап алсак.

1) Өлкөбүздүн ИДПнын 30% толуктап келген 1 млн жаранныбыз ББна мүчө болгон өлкөлөрдө эмгектенүүдө.2014-жылы 1.7 млрд доллар акча которушкан. Ар бир мигрант ай сайын үй-бүлөсүнө 200-500 доллар өлчөмдө акча салууда. Сурамжылоодо мигранттардын 44% узак убакка калышын, 6% жараандык алып жашап калуу планы бар экендиги аныкталган. Көпчүлүгү Казакстанда 41% базарда, Россияда 45% курулушта эмгектенет. Мигранттардын 91.3% Россияда, 7.97% Казакстанда, 0.72% Беларусьда. Мигранттардын 80% 20-40 жаш аралыгында.

2) Күйүүчү майдын дээрлик баары ББне кирген өлкөлөрдөн импорттолот. 2014-жылы 1.3 млн тонна күйүүчү май 10 млрд 133 млн сомго импорттолгон. Алардын 603 миң тоннасы бензин, өткөн жылга салыштырмалуу 14% көп., 495 миң тоннасы солярка, өткөн жылга салыштырмалуу 30% көп. 21 компания бул тармакта өз ишмердигин жүргүзүүдө.

3) Эң чоң базарлар «Дордой» жана «Кара-Суу» жана «Мадина» 4.4 млрд доллар акчанын айлануусу канчалык орду чоң экендигин көрсөтүү турат. Ал базарларда 80% реэкспорт түзӨт. ДБнын изилдөөсүндө ал базарларда 70000 сатуучу эмгектенет. Бирок бул көрсөткүч андан 4 эсе көп болуусу мүмкүн. Сатуучулардан башка ашкана иштеткендер, кароолчулар, арабачылар, мыйзасыз соода кылгандар чогулуп отуруп калктын 33%нын турмушу ушулчоң базарлар менен байланышкан.

4) Соода-сатык тармагында (экспорт, импорт) ББне кирген өлкөлөрдүн орду чоң. Азыркы күндө өлкөбүзгө импорттолгон товарлардын 46.1%ынан бажы төлөмү алынбайт. КР бажы төлөмү 5.1%, ДСУнуку 7.7%, ББники 10.6% түзөт.

Өлкөдө 200дөн ашуун текстиль ишканалары, цехтер иштетилүүдө. Ал цехтерде эмгек акысы 20000-25000 түзөт. Негизинен аялдар эмгектенүүдө. Кыргызстанда тигилген кийимдердин Россия жана Казакстандын рыногунда орду өзгөчө. Өткөн жылы Россияга 200 млн долларга бааланган кийим-кече сатылган. Көмүскө жолдор менен ташылып кетилгени да бир топ.

5) Айыл-чарба:
   Жер иштетүү
   Мал багуучулук
   Суу ресурстарын колдонуу.

Агрардык тармакта Кыргызстан Совет доорунда алдынкы орунду ээлеп келген. Азыркы күндӨ РФга жана Казакстанга 20дан ашуун жер-жемиштин түрүн экспорттойт.

Сүттү иштетүүдө 20дан ашуун ишкана, этти иштетүүдө 15 ишкана бар. Өлкөбүздө 2 миң км$^3$ таза суунун запасы бар. Алардын 50 км$^3$ дарыя агын суулары, 15 км$^3$ жер асты суулары, 650 км$^3$ мөңгү суулары. Кыргызстанда өндүрүлгөн минерал, артезиян сууларга талап жогору жана акыркы убакта экспортун арткандыгын байкоого болот. Экспорттолгон тамак-аш продукцияларынын 21% сүт, 15% ун, 9.5% тамеки, 7.1% ичимдиктер, 13.6% нан азыктары, 6.7% артезиян суусу, 5.1% эт, 21.5% башка азыктар түзөт.

**ББна кирбеген учурда кандай жыйынтыктар күтүлүүдө**

1) Эң чон базарлар «Дордой» жана «Кара-Суу»да соода төмөндөйт.

2) Фирмалардын банкроттуулугу артат.

3) Бажы стандарттарына жооп бербеген айыл-чарба продукцияларынын экспортунун төмөндөөсү.

4) Орто жана кичи бизнестин начарлоосу.

5) Мигранттардын кайтып келүүсү.

6) ББдагы өлкөлөргө болгон экспорттун азаюусу.

7) Стратегиялык товар болуп эсептелинген күйүүчү майга болгон бажы салыгынын жогорулоосу.

**ББне мүчө болгондон кандай пайда табабыз**

1) Соода сатык үчүн жакшы шарттар түзүлөт.

2) Бажы кызматында бирдей документтердин колдонулуусу. Бажыларда товарлардын көпкө кармалуусу менен товарлардын сактоо мөөнөтү өтүп кетүүдө. Россиянын рыногуна кирүүгө эң негизги тоскоолдуктардан болууда.

3) Биримдиктеги өлкөлөр тарабынан экономикалык жардам көрсөтүлүүсү. Жол картасын ишке ашыруу үчүн 300 млн доллар бөлүндү. 1.2 млрд доллар «Кыргыз-Орус инвестициялык фондунун» түзүлүүсү.

4) Текстиль тармагында өнүгүүгө шарт түзүлөт. Бишкекте 200 ашуун ишкана бар. Жумушчулардын маянасы 20 000-25 000 сом, негизинен аялдар. 2014-жылы Россиянын рыногуна 200 млн долларга бааланган кийим-кече экспорттолгон.

5) Базардын кеңейүүсү менен инвесторлордун келүүсү. Учурдагы 5.7 млн кишилик базардын ББне мүчө болуу менен 173 млн кишилик чоң рынокко айлануусу.

6) ББнын стандарттарына жооп берүү үчүн жаңы лабораториялардын курулуусу тамак-аш продукцияларынын сапатын жакшыртат. 20дан ашуун мөмө-жемиштин түрүн экспорттойт. 20 чоң, 18 кичи ишкана иш алып барууда. 60 000 тонна помидор,10 000 тонна бадыраң, 40 000 тонна башка жемиштерди экспорттойт. 20 сүт иштеткен, 15 этти иштетүүчү ишкана бар. Жылын 1 млн тонна сүт, 100 000 тонна быштак өндүрүлөт.

7) Мигранттар үчүн жакшы шарт түзүлөт. Мигранттардын 3-4 айга чейин документтердин туура эместигинен жумушсуз калуусу. Россияда – 91.3% (45% курулушта), Казакстан – 7.97% (41% базарда), Беларусь – 0.72%, ИДПнын 30% түзөт. 2014-жылы 1.7 млрд доллар которгон. Айына 200-500 доллар жөнөтүүдө.

8) Стратегиялык товарлар дан менен күйүүчү майга болгон төлөмдөрдүн алынуусу. 2014-жылы 10 млрд 133 млн сомдук 1.3 млн тонна күйүүчү май импорттолгон. Анын 603 миң тоннасы бензин, 495 миң тоннасы солярка.

9) Жеке жактар үчүн өзү менен жүк ташууда 35 кгдан 50 кга жогорулоосу.

**ББне кирген учурда болжолдуу зыяндар жана чечүү жолдору**

1) Бажы төлөмдөрүнүн артуусу менен башка өлкөлөрдөн импорттун төмөндөөсү. Кыргызстандын экономикасы ББне адаптация болгонго чейин өз төлөмдөрүбүз менен соода кылуу келишимин түзүү (3-4 жыл).

2) Кытайдан келген товарлардын азаюсу жана дүң соодагерлердин бюджетке пайдасы азаят.

3) Баштапкы этапта биздин айыл-чарба товарлары конкуренцияга туруштук бере албоосу мүмкүн. Беларусьтун айыл-чарба товарлары биздикинен арзан жана сапаттуу. Айыл-чарба адистерин даярдоо. Тез аралыкта жаңы лабораторияларды куруу. Кытайдын дары-дармектеринен баш тартуу, анын ордуна Россия менен Беларусьдан сапаттуу жер семирткич жана керектүү каражаттарды сатып алуу керек.

4) Күчтүү конкуренцияга жооп бере албаган текстиль ишканаларынын жабылуусу. Ишкерлерге жеңилдетилген кредиттерди берүү. Убактылуу салыктан бошотуу.

5) Миграция агымынын күчөөсү. Ар бир областтын өзгөчөлүктөрүн изилдеп чыгуу, ошонун негизинде жаңы жумуш орундарын түзүү керек.

Колдонулган адабияттар


1. Министерство экономического развития Российской Федерации [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://economy.gov.ru
2. Министерство экономики Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: mineconom.gov.kg
3. Министерство экономики Республики Беларусь [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.economy.gov.by
4. Министерство финансов и экономики республики Армения [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.gov.am
5. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.stat.kg/
6. Министерство финансов Кыргызкой Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.kazna.gov.kg